«ЖАКТЫРЫЛДЫ»
Эл аралык Кувейт университетинин
Окумуштуулар кеңешинин чечими
Протокол № 3
«29» 12 2018 ж.

«БЕКИТЕМИН»
Эл аралык Кувейт университетинин
ректору профессор А.С.Ормушев
________________________
«__» 12 2018 ж.

# ЭЛАРАЛЫК КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТИНИН ОКУТУУЧУЛАР ЖАНА СТУДЕНТТЕРИНИН «ЫЙМАН-ЫНСАП» КОДЕКСИ

## Жалпы жобо

Эл аралык Кувейт университетинин профессор-окутуучулар жамааты жана студенттери жалпы адамзат асылдыктарына умтулуу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын «Билим беруу жөнүндө» мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Билим берүү министирлигинин укуктук-нормативдик актыларына таянуу менен төмөнку Ыйман-ынсап адептүүлүк кодексин кабыл алат.

## Окутуучунун ыйман-ынсап адеби

- Өсүп келе жаткан жаш муундардын насаатчысы жана жол көрсөткүчү катары окутуучу өз жүрүш-турушу, адеп-ахлагы, руханий байлыгы менен ар дайым студенттерге үлгү болушу зарыл.
- Студенттердин жана кесиптештеринин арасындагы ар кандай адилетсиздикке, калп айтууга, оройлукка, улутчулдука, кошоматчылыкка жана жердешчилике жол бербелиши керек.
- Окутуучулар өз кызмат абалынан пайдаланып экзамендик сыноолордо жана жалпы окуу процессинин жүрүшүндө жемкорлукка-КОРРУПЦИЯГА бөгөт коюсуу зарыл.
- Окутуучуларга негизсиз ушак-айым сөздөрдү таратып, жамаатты бөлүп - жарууга аракет жасаган окутуучулар иштен четтетилет.
- Окутуучулар университеттин мүлкүнө, окуу каражаттарына этияттык мамиле кылуу менен, кооптуу жагдайлар пайда болсо тийиштүү адистерге, жооптуу бөлүмдөргө тез аранын ичинде кабарлоого тийиш.
- Окуу жайдын аймагында чылым тартууга, спирт ичимдиктерин ичүүгө уруксат берилбейт.

## Студенттердин ыйман-ынсап адеби

- Студенттин ыйык милдети бул өзүнүн ийгиликтүү окуусу, үлгүлүү жүрүш - турушу, ыймандуулугу менен университеттин абройун көтөрүү.
- Студент өсүп келе жаткан жаш муундардын алдыңкы сабында болуп, Ата-мекенин, тарыхын, маданиятын, мамлекеттик тилин терен кадырлайт.
- Устат менен шакирттин ортосундагы мамиле адептүүлүктүн, асыл үлгүлөрдүн негизинде жүрүш керек.
- Студенттер жакшы баа алыш үчүн окутуучуларга пара бербеши керек жана коррупциянын өнүгүшүнө терс көз-караште болуп, бөгөт коюсуу зарыл.
- Студенттер өз ара бири бирине терен урматтоо менен аяр мамиле жасоого тийиш. «Кыздын кырк чачы улуу» деген накыл сезду дайыма эсине тутуп, журум-турумунда колдонуп жүрүүсү керек.
- Университетте өзун таза, жупуну, сылык кармап, чылым тартпай, ичкилик ичпей, курбуларына үлгү көрсөтүп, илберинки, тартиптүү болууга милдеттүү.

- Студент өз элинин алдыңкы каада-салттарына чоң урмат сый менен мамиле кылат. Алардын асыл үлгүлөрүн өз турмушунда эреже катары алып жүрүүсү зарыл.

**Корутунду**

- Кодекстин жоболорунун аткарылышын көзөмөлгө алуу үчүн атайын тартип комиссиясы түзүлөт.
- Тартип комиссиясынын курамы университеттин окутуучулары, «Smart Generation» жана Мажлистин өкүлдөрүнөн түзүлөт.

Тартип комиссиясы өз ишин атайы түзүлгөн жобонун негизинде алып барат